**ГЕОГРАФИЯ**

УДК: 537.617
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-38-43

**Даовлатова Ф.М.**
ага окутуучу
Баткен мамлекеттик университети
**Даовлатова Ф.М.**
старший преподаватель
Баткенский государственный университет
**Daovlatova F.M.**
Senior Lecture
Batken State University

## ТОПОНИМДЕРДИН ЭТИМОЛОГИЯЛЫК КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

## ЭТИМОЛОГИЧЕСКАЯ КЛАССИФИКАЦИЯ ТОПОНИМОВ

## ETUMOLOGICAL CIASSIFICATION OF TOPONUMS

**Аннотация:** Коомдун өнүгүсүнүнүн алгачкы этаптарында эле адам баласы өзүнүн жашаган жерлерине, айланасындагы жаратылыш обьектилерине ат берүүгө аракет кылган. Көпчүлүк элдер географиялык обьектилерден жерлерди атап, ал жерлердин аттары аталып калган. Энчилүү аттардын тобуна кирген географиялык аталыштардын, топонимика илиминин башаты деп атоого болот. Ар бир улут өз тилинде географиялык обьектилерди атоо менен, жерлерди атап жүрүшүп, алар аныктоочу жер болуп, убакыттын өтүшү менен ал аталыштардын аты турукту болуп калат. Ал түшүнүктүн пайда болушунун себеби анын зарылчылыгы. Топонимияда баштапкы жалпы түшүнүктү кандайдыр бир конкреттүү дарекке байланыштуурунун натыйжасында пайда болот. Бул макалада топонимика илиминин географиялык аталыштарды классификациялоо же топторго бөлүү менен жана тармактарына аныктама берилип мисалдар келтирилди.

**Негизги сөздөр:** топонимика, жер-суу аталыштары, гидронимдер, гидронимия, дримонимдер, ойконимдер, антропонимия, топоним-мигранттар, салыштырмалуу топонимдер, географиялык терминдер, биринчилик жана экинчилик топонимдер, топонимикалык сөздүк, топонимия.

**Аннотация:** С самых ранних стадий развития общества человек пытался дать название местам своего обитания и окружающим природным объектам. Большинство народов называли места в честь географических объектов, и эти места назывались в их честь. Его можно назвать источником географических названий и топонимов, которые относятся к группе имен собственных. Каждый народ на своем языке называл географические объекты, называл места и становился местом отождествления, и со временем названия этих имен становились постоянными. Причиной этой концепции является ее необходимость. В топонимии оно возникает в результате привязки исходного общего понятия к конкретному адресу. В этой статье приведены примеры науки о топонимии путем классификации географических названий или определения групп и ответвлений.

**Ключевые слова**: топонимия, топонимы, гидронимы, оронимы, оронимия, гидронимия, антропонимия, топоним мигранты, первичные и вторичные топонимы, сравнительные топонимы, географические термины, топонимический словарь.

**Annotation:** From the earliest stages of the development of society, the human bial has tried to name his habitats and surrounding natural objects. Most peoples after geographical objects, and those places were named after them. It can be called the source of geographical names and toponymy, which belongs to the group of proper names. Each nation, in its own language, named geographical objects, named places, and became a place of identification, and over time, the names of those names became permanent. The reason for this concept is its necessity. Toponymy arises as a result of connectind original general concept to a specific address. This article gives examples of the science of toponymy by classifying geographical names or defining groups and branches.

**Keywords**: toponymy, place-names, hydronium, component, geographical objects, rivers, toponymic dictionary, oronyms, oronymy, anthroponomy, toponymy migrants, comparative toponyms, geographical terms, toponymic dictionary.

**Киришүү**. Топонимиканын илими XX – кылымдын орто ченинде эң кеңири өнүккөн. География илими пайда болгонго чейин эле этностук топтор же калктар белгилүү бир географиялык аталыштын маанисин түшүндүрүү (мифологиялык, легандарлуу, реалдуулукка жакын) менен көп катмарлуу топонимикалык системага ээ болгон. XX кылымдын биринчи жарымында жер-суу аталыштарыны классификациялоо, изилдөө, жыйноо жана алардын баалуулугу, элдик географиялык терминдердин жана жер-суу аттарынын колдонулушун көрүнүктүү окумуштуу-географ академик Л.С. Берг өзүнүн эмгектеринде белгилеген. Ал мындай деп жазган «Көп кылымдар бою туруктуу жергиликтүү калктын байкоо жүргүзүүнүн натыйжасында жер суу аталыштары элдин чыгармачылыгы, элдик терминдерди абдан кылдаттык менен кароого татыктуу: - айрыкча филологдор жана географтар» деп жазган. Автор терминдердин семантикалык маанисин биринчилерден болуп байкаган, ал кийинчерээк ар кандай топонимикалык системалардын мисалдары аркылуу изилдеген .

Топонимдердин ар кандай классификациясынын жазууда ар кайсы илимпоздордун топонимикалык маалыматтарынын негизинде колдонулат. Илимий топонимикалык жоопкерчиликтин натыйжалары XIX-кылымга чейин, андан кийин изилдөөлөрдүн негизинде топторго жана классификациялоону сунуштап келишкен.

Географиялык изилдөөлөрдүн топонимикалык багытынын калыптануу жана өнүгүү процессиндеги маанилүү учуру көрүнүктүү окумуштуу жана географ В.П. Семенов-Тянь-Шанскийдин эмгектеринен көрсөк болот. В.П. Семенов Тянь-Шаньский түрк тилдүү аталыштарга кызыктырып, кыргыз лексикологиясынын акедемиги Кыргыз ССР илимдер академиясынын академиги Константин Кузьмич Юдахиндин сунушу боюнча, Тянь-Шань кыргыздарынын элдик географиялык терминологиясы жана айрым терминдердин мазмунун ачууда ой пикирлерин калтырып, топонимикалык иштер менен алектенген. 1939-жылы түркмөн терминдери, бир жылдан кийин кыргызча терминдер тууралуу макалары жарык көргөн. Экөө тең «Бүткүл союздук географиялык коомдун эмгектери» журналына жарыяланган [7, 3-б].

1924-жылы окумуштуу, географ В.П. Семенов Тянь- Шанский аттарды 7 категорияга бөлгөн: ысымдардан жана лакаптардан, жеке ысымдардан, диний антропонимдер, будда маданиятынын, байыркы замандан бери, ар кандай окуяларга байланыштуу ыйгарылган аттар, аймактын географиялык ландшафттарынан түзгөн обьектеринен аттарына коюлган аталыштар [2, 246-б].

Поляк окумуштуулары иштеп чыккан онамастикалык классификациясын

В. Ташицкий «Лингвистикалык» деп аталган топонимдердин классификациясын тигил же бул тилге болгон өз ара байланышына жараша белгилеп көрсөтүшкөн: аты тигил же бул тил үчүн түпкүлүктүү, мааниси таптакыр түшүнүксүз, мааниси түшүнүктүү, аттар жада калса кайра чечмеленет, башка тилдерден тукум-кууп өткөн жана коомдук үстөмдүк кылуучу

тилге трансформацияланат деп көрсөтө алган. Морфологиялык кубулуштарга жараша топонимдердин болжолдуу түрдө жөнөкөй топонимдерге жана татаал топонимдерге бөлүнүшүн сунуштаган. Топонимдердин этимологиялык классификациясына: толук семантикалык маанидеги топонимдер (этимологиялык ачык мааниси бар): мааниси чечмелей албаган топонимдер (этимологиялык жактан ачык эмес). Бул топонимдер убакыттын өтүшү менен топонимдер бир тайпадан экинчи тайпага өтүшү мүмкүн. Бул маселе боюнча Америкалык топонимист Дж.Р. Стюарт географиялык аталыштардын классификациясын сунушун берген [1, 19-б]. Алар оронимдер, гидронимдер, ойконимдер, фитотопонимдер, урбанимдер. Семантикалык топонимдердин классификасын карап көрсөк; табигый шарттарды жана процесстерди чагылдырган топонимдер (оронимдик, гидронимдик, фитотопонимдер, топурак, климаттык топонимдер, зоотопонимдер.

Обьектилерди номинация катары берилип (латын тилинен-nominatio-атоо) бардык топонимдерди обьектинин өзгөчөлүгүнө жараша тармактарга бөлүүгө болот.

**Топонимикалык топтор** – бул окшош географиялык аталыштардын жыйындысы. Бул топторго бир нече мисалдарды келтирсек болот.

**Оронимдер** – **(**грек тилинен.тоо-аталыш) – оронимия жер бетинин рельефтик түзүлүштөрүнүн (орография обьектилеринин) аталыштарын камтыган топонимдердин тобу. Аларга тоолор, чокулар, кырка тоолор, өрөөндөр, түздүктөр, тегиздиктер, ойдуңдар жана башка геоморфологиялык обьектилерди саналат. Тоолордун аталышында да өзүнө таандык мисалдарды келтирсек болот. Кыргызстан тоолуу өлкө болгондуктан аларды аталыштарды көбүнчө ошол өрөөн, жайлоо, белгилүү жер аттары аталып, анан экинчи маанидеги обьектилердин же кубулуштардын (мисалы, таштак-тоо, үңкүр-сай, катыраң-жайлоо, суулу-жер ж.б) аттарына карата аталган аталыштар кездешет. М: Тянь-Шань тоосу, Какшаал кырка тоосу, Ленин чокусу, Фергана өрөөнү, Баткен өрөөнү ж.б. Оронимдердин под тиби болуп спелеонимдерди да кароого болот. Атап айтсак *спелеонимдер*-(грек тилинен-үңкүр, жер асты жаракалар, жер астындагы көңдөйлөр) маанисинде айтылган аталыштар болуп саналат. Кыргызстандагы ири үңкүрлөрү болуп Канигут (Баткен облусунда, жалпы узундугу 3200м), Чил-Устун, Чилмайрам ж.б. кирет.

**Гидронимдер -** (грек тилинен – суу – аталыш) – бардык суу обьектилеринин камтыган топонимдердин тобу. Алар булактар, кудуктар, океандар, деңиздер, булуңдар, кысыктар, көлмөлөр, көлдөр, сайлар, каналдар, шаркыратмалар, дарыялар ж.б. жалпы эле суу обьектилеринин аталыштары саналат. Мисалы: Нарын дарыясы, Исфайрам дарыясы, Ыссык-Көл, Кара-Дарыя, Токтогул суу сактагычы, Абшыр-Ата шаркыратмасы ж.б. Гидронимдердин под тиби болуп- *потамонимия* (грек тилинен-дарыя-аталыш) дарыялардын агын суулардын аттарын, *лимнология* (грекче көл-аталыш), саздардын аттарын *геланимдер* (грекче-саз-аталыш), *пелагонимдер* (грек тилинен-деңиз-аталыш) булуң, кысык ж.б. кошо атасак болот.

**Дримонимдер** – (грек тилинен – токой-ат) токойлордун, бактардын, сейил бактардын жана парктардын аталыштарын кошууга болот. Мисалы: Арсланбап мөмө-жемиш токою, Ала-Арча улуттук паркы, Кызыл-Кыя шаарындагы Гульматов атындагы сейил багы, Чолпон-Атадагы Жусуп Абдрахманов атындагы сейил багы ж.б.

**Антропонимия** – топонимика илиминде адам аттарын билдирүү үчүн *антропонимдер,* элдин жана уруулардын аттарын билдирүү үчүн *этнонимдер* багыты колдонулат. Адам аттарынан жана уруулардын аттарынан келип чыккан аталыштарды эмнеге негизделип пайда болгондугун айкын көрсөтүү үчүн эки термин бириктирилип *этнотопонимдер* деп аталат. Мисалы, кишилердин энчилүү аттарына карай коюлган аталыштар: Масалиев, Салиева, Бөкөнбаев, Мамытов ж.б., ал эми элдердин жана уруулардын атынан коюлган аталыштарга Бөрү, Төөлөс, Көмөчтөр, Кашкары, Бугу ж.б. кирет. Эгерде жер аттарынан улам адамдардын, элдердин жана уруулардын аттары келип чыккан болсо, терминдердин негизги бөлүктөрү

орун алмашат. Башкача айтканда, *топоантротопонимдер* - жер-суу аттарынын негизинде пайда болгон киши аттары: Алай, Талас, Нарынбек, Ноокатбек, Чаткал ж.б. *Топоэтнонимдер* – географиялык аттардан улам келип чыккан элдердин жана уруулардын аталышы: Алтай, Бөрү, Төөлөс, Багыш [3,14-б] ж.б.

Бул топко дагы мамлекеттик көрүнүктүү коомдук инсандарынын, эмгек каармандарынын, маданият жана искусство ишмерлеринин, белгилүү акын жазуучуларынын, эрдик көрсөткөн инсандардын ж.б. атын унутта калтырбоо максатында, атын эскерүү жана эмгегин урматтоо белгиси катарында бир катар шаарларга, айыл-кыштактарга, көп сандаган көчөлөргө алардын наамдары ыйгарылган. Мындай көрүнүктүү адамдардын элесине, саясий тарыхый окуяларга арналган же жалпы эле өлкөбүздүн коомдук турмушундагы өзгөрүүлөргө жана жетишкендиктерди билдирүү максатында коюлган аттар *коммеморативдик* же *мемориалдык топонимдер* деп аталат. Бул аттар же аталыштар коомдун өнүгүшүн же саясатын кандайдыр бир деңгээлде чагылдырып көрсөтүп турат. Мисалы: Алга, Биримдик, Маданият, Достук, Жаңы-Көчө, Жаңы–Турмуш, Жаштар, Эмгек сыяктуу айыл кыштактардын ж.б. аталыштарын атап кетсек болот. Бүгүнкү убактарда көпчүлүк жаңы конуштарды, адамдардын аттарын кою менен толукталып жатат.

**Урбанонимдер – (**латын тилинен-urbanus-шаар+ат) бул топко аттардын саны боюнча алдыңкы орунду ээлейт, себеби шаарлардын жана шаар ичиндеги обьектилердин-көчөлөрдүн, аллеялардын, аянттардын, кварталдардын(шаар ичиндеги бөлүктөр) аттарын киргизе алсак болот. Урбанонимдерден да *ойконимдер, комонимдер, полисонимдерди* анын багыттары катары эсептөөгө болот. Мисалы; Ош шаары, Кызыл-Кыя, Баткен шаары, Өзгөн шаары.

Калк орношкон аймактардын аталыштарын изилдөөдө *ойконимдер* деген термин колдонуп жүрөт. Ал эми айыл кыштактардын аталыштарын изилдөөдө *комонимдер,* шаарлардын аттарын изилдөөдө *полисонимика* терминдери колдонулат. *Годонимдер* (грек тилинен- көчө +ат) бул түргө шаар ичиндеги обьектилер-көчөлөр, аллеялардын аттарын киргизе алабыз. Мисалы: Жаш Гвардия бульвары, Гульматов паркы, Токтогул эс алуу паркы, Эркиндик аянты, темир жол проспектиси ж.б. Урбонимика багыты бүгүнкү күндө кеңири өнүгө баштады деп айтсак болот.

**Агроним** – (грек тилинен-талаа, эгин талаасы) белгилүү эгин эгилүүчү, айдоого ылайыктуу талаалардын аттарын, айыл чарба жерлеринин аталыштарыны камтыйт. Мисалы: Кызыл-Талаа, Какыр-Жер, Көк-Талаа, Сары-Талаа, Суулу-Жер, Көк-Ала-Майдан ж.б.

**Хоронимика** – ( грек тилинен - *чек, чек ара* белгиси) – айкын бир чек менен ажырап турган областтардын жана райондордун белгилүү бир атка ээ болушу изилдөө болуп саналат.

**Топонимияда элдик географиялык терминдер жана алардын өнүгүү абалы**. Учурда жалпысынан илимий топонимикалык терминология маселеси боюнча айта кетсек болот. Бирок топонимиканын өнүгүшүнө байланыштуу ал дайыма системалаштырууну жана тактоону талап кылат.

Коомдун өнүгүсүнүнүн алгачкы этаптарында эле адам баласы өзүнүн жашаган жерлерине, айланасындагы жаратылыш обьектилерине ат берүүгө аракет кылган. Көпчүлүк элдер географиялык обьектилерден жерлерди атап, ал жерлерди аттары аталып калган. Энчилүү аттардын классына кирген географиялык аталыштардын, топонимика илиминин башаты деп атоого болот. Ар бир улут өз тилинде географиялык обьектилерди атоо менен, жерлерди атап жүрүшүп, алар аныктоочу жер болуп, убакыттын өтүшү менен ал аталыштардын аты турукту болуп калат. Ал түшүнүктүн пайда болушунун себеби анын зарылчылыгы. Топонимияда баштапкы жалпы түшүнүктү кандайдыр бир конкреттүү даректе байланыштуурунун натыйжасында пайда болот. Мисалы:

*Оронимикалык топонимдер* – кызыл тоо, жар, сай, төр, бел ашуу, жылга, таштак тоо, кең тоо, адыр төр, зоо ж.б.

*Гидромикалык* – сай, көл, жар, булак, ак суу, кызыл суу, көк суу, ылай суу, сары суу, сасык булак, шор булак, кең суу, тар суу, ичке суу, тар жылга, кең жылга, булак бою, булак башы, ж.б.;

*түздүктөргө* – түз жол, талаа, кесек, айры жол, төрт көчө, чоң жол, тар жол, ийри жол, өрөөн, кургак жол, дөң, коргон ж.б.

*адамдардын органдарына карата* – баш төр, колтук, арка, бел ашуу, чоку, далы, кумдуу бел, ж.б.;

*литологиялык* – майда кум, көп таш, чоң таш, кум, кызыл кум, сары топурак, кара жер, кызыл дөбө, кызыл-кыя, кызыл жар ж.б.

Географиялык обьектилерди атоодо биринчи кезекте кандайдыр бир айырмалоочу белгиден келип чыгат. Бул айырмачылыктар белгилерди тандоонун обьектинин мүнөзүнө, анын мейкиндиктеги абалына, жаратылыш шарттарына, этномаданий жана чарбалык түзүлүштөрдүн өзгөчөлүгүнө жараша болот. Байыркы убакта жергиликтүү калктын практикалык иш-аракет чөйрөсүндө болгон обьектилерге биринчи аталыштар берилген. Туруктуу конуштар жок болгон учурда мындай обьектилер – дарыялар, көлдөр, суулар болгондуктан, убакытын өтүшү менен бүгүнкү убакта алар негизги жерлерге айланып, аталыштардын аттарын сактап келе жатат.

**Баштапкы жана кошумча топонимдер**. Гетерогендик географиялык объекттердин бирдей аталыштары кеңири таралган көрүнүш болуп эсептелет. Көпчүлүк аймактарда шаарлардын жана айылдар көбүнчө аталышы ага жакын турган тоолордун жана дарыялардын аталыштарын тең алып жүрөт. Мисалы; Абшыр – Сай шаркыратмасы, Абшыр-сай дарыясы жана айылы, тоо да ушул аталыш менен аталат.

Нарын областынын борборунун аталышы, Нарын дарыясынын аталышы, Нарын-Тоо тоонун аталышы аталып жүрөт. Баткен областы, Баткен шаары, Баткен району. Бул топонимиканын *метонимиянын* мисалдары болуп саналат. Кыргызстандын аймагында абдан көп кездешет. Топонимдердин дагы төмөнкүдөй баштапкы же негизги андан кийин экинчиси туунду же экинчилик аталыштарга да мисалдарды келтирсек болот. Негизги топонимдер ошол жердеги кубулуштарга, же географиялык обьектилерге карата аталыштын аты келип чыкса, экинчилик же кайталануучу топоним, учурду пайдалануу менен колдонот. Ал аталыштарды *туунду* топонимдер деп атаса да болот. Алар сөздүн түзүлүшү, айтылышы биринчилик топоним менен дал келет.

*Салыштырмалуу топонимдер* кандайдыр бир белгини көрсөтүү менен аталыштардагы бир белгини билдирүү менен жалпы компоненттерди айырмалоо карама–каршы маанидеги аныктама сөздөр атасак болот; чоң-кичине, жогору-ылдый, түндүк-түштүк, эски-жаңы антонимдери колдонулуучу топонимдерди атасак: Чоң-Нарын, Кичи-Нарын, Узун-Акмат, Туура-Суу, Кең-Суу, Жоон-Арык, Ичке-Арык, Ак-Суу, Кара-Суу, Чоң-Кемин, Кара-Суу (оң, сол), Күңгөй,Тескей ж.б.

**Топоним-мигранттар**. Байыркы доорлордон бери эле адамдар жерлерди өздөштүрүүнүн натыйжасында жашаган жерин которуп келген. Алар өздөрү менен бирге Ата-Мекениндеги аталышты өздөрү отурукташкан жерлерди атап алышкан. Мигрант топонимдер ушинтип пайда болушат. Кыргызстанда XX-кылымдын башында келген орустар келген жерлерин ата-бабаларын аттарын атап коюп алышкан же орус улутундагы таанымал адамдардын аттарын коюп келишкен: Покровка, Беловодское, Ленин, Федоров, Орловка, Григоревька, Маркс, Крупская, Энгельс ж.б. Бул антропонимдер Кыргызстандын бардык аймактарында кайталанат. Кээ бир улуттар өздөрү менен аталышты да ала келишет. Географиялык аталыштардын берүүнүн себептери-Ата-Мекендин эстелигин сактап калууга болгон умтулуу, жаратылыш шарттарынын, географиялык абалынын, экономикалык процесстеринин окшоштугу да мигрант топоними боло алат.

**Топонимдер-метафоралар**.

Метафоризация – семантикалык сөз жасоонун өзгөчө жолу. Жер аттары метафоралык болушу мүмкүн. Белгилүү болгондой, метафоралар (грек.сөзүнөн – *бир сөздү башка сөздө көчүрүү*, которуу, колдонуу маанисинде) окшоштукка негизделген, алардын өзгөчөлүктөрү өтө ар түрдүү. *Метафора* салыштыруу дегенди билдирет.

Белгиленген объекттердин жана жерлердин касиеттери жана өзгөчөлүктөрү (формасы, көрүнүшү ж.б.), бул аларды курчап турган чындыктын тиешелүү объектилери менен салыштырууга мүмкүндүк берет.

Жергиликтүү калк табигый жана жасалма объектилердин өзгөчөлүгүн абдан так байкап, аларды көрсөтүүдө метафораларды колдонушат. Ошол эле учурда топонимияга анатомиялык терминдер кирет. Кыргыздарда метафоралар өтө көп кездешип, аларды бүгүнкү күндө колдонуп келебиз. Алар оронимдерде чоку, колтук, баш, тоо боору, кол, арка, моюн, аяк, кабырга, бет мандай, төш, жал, омуртка  ж.б.

**Символикалык топонимдер.** Бул  топонимдер образдуу сөздөр, мамлекеттер символдоштурган жаңы ысымдарды берүүгө аракет кылышкан. Бизде жана Орто Азия өлкөлөрүндө көптөгөн кайталануучу эркиндик, теңдик, кызыл октярь, жеңиш, кызыл туу, коммунизм таңы, партизан, ынтымак, кызыл жылдыз, тынчтык ж.б.

Символикалык топонимдерди белгилөөнүн жалпы себеби болуп эсте каларлык даталар, юбилейлер саналат.

Жыйынтыктоо. Элдик терминдер топоним менен байланышы мыйзам ченемдүү болуп саналат. Географиялык обьектилер топонимияда чындыктын көрүнүшү, топоним менен терминдин байланыштыруучулар болуп эсептелет.  Алар реалдуу обьектилердин өзгөчөлүгүн аныктайт жана географиянын этимологиясын ачуунун ачкычы болуп саналат. Элдик терминдер географиялык шарттардын өзгөчөлүгү жөнүндө обьективдүү информатор башкача айтканда, олуттуу маалыматтарга ээ потенциал, терминде камтылган географиялык маалыматын жыйындысы катары түшүнүлөт. Бул маалыматтар илимий - практикалык мүнөзгө ээ, анткени ал жаратылыш шарттарынын жана ресурстарынын өзгөчөлүгүн жана чарбачылык иштин жүрүшүндө аларды өнүктүүрүнүн  өзгөчөлүгүн чагылдырат. Элдик географиялык терминдер топонимикалык номинациянын булактарынын бири. Жаратылыш ландшафтары жана алардын компоненттери жаратылыш кубулуштарын жана процесстерин кылымдар бою байкоонун натыйжасында жергиликтүү калк тарабынан так калыптандырылган. Бул географиялык обьектилердин аттарынын өзгөрүүсү, ар бир аймакта диалектилердин жана башка улуттун тилдик өзгөртүүсүнө алып келет. Физикалык географиялык терминдердин калыптануусу ар кандай элдин социалдык-экономикалык жана тарыхый-маданий өнүгүү деңгээли жараша өнүгөт.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Басик С.Н. Общая топонимика. – Минск: БГУ, 2008. – 168 с.
2. Биялиев А., Орусбаев А. // Азия жана Африка элдери. – 1975. – №4. – 246–248-беттер.
3. Даовлатова Ф.М. Кыргызстандын түштүгүндүгү фарсы жана тажик тилдеринен кирген жер-суу аталыштарынын этимологиясы. – Ош. 2017
4. Мурзаев, Э.М. Слово на карте. Топонимика и география. – М., 2001
5. Мурзаев Э.М. Словарь народных географических терминов. – М., 1984.
6. Умурзаков С.У. и др. Словарь географических названий Кыргызстана. – Фрунзе, 1988.
7. Юдахин К.К., Сартбаев К.К. Константин Кузьмич Юдахин.  Китепте: Түркологиялык изилдөө. – Фрунзе, 1970. – 3–15-беттер.


**Рецензент: пед. илим. док., проф. Торогелдиева К.М.**